DOI: 10.26104/NNTIK.2022.84.45.039

*Пасанова К.Б.*

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨРДҮН ЖҮРҮШҮ: СОЦИАЛДЫК КАТМАРЛАР (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

*Пасанова К.Б.*

# ПРОЦЕСС ИЗМЕНЕНИЙ В ТРАДИЦИОННОМ КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ: СОЦИАЛЬНЫЕ СЛОИ (конец XIX - начало XX веков)

*K. Pasanova*

# THE PROCESS OF CHANGES IN THE TRADITIONAL KYRGYZ SOCIETY: SOCIAL LAYERS (late XIX - early XX centuries)

*УДК: 94. (575.2)*

*Макалада XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүндөгү жүрө баштаган өзгөрүүлөрдү талдоого аракет жасалат. Макалада белгиленгендей Кыргызстан Россия империясына каратылгандан кийин, өзгөчө көчүрүп келүү саясатынын жүргүзүлүшү менен катар чарбалык тармакта өзгөрүүлөр жүрө баштагандыгы белгиленет. Мал чарбачылыгы, дыйканчылык, өнөр жай тармактары техникалык жактан гана эмес, жаңы тармактык багыты боюнча өзгөрүүгө дуушар боло баштаган. Кустардык-мануфактуралык типтеги жаңы өнөр жай ишканалары иштей баштаган. Көчмөн жарым көчмөн чарбалардын арасында отурукташуу процесси орун ала баштаган. Аталган көрүнүш өзгөчө Пишпек, Пржевальск уезддеринде орун ала баштагандыгы белгиленет. Коомдук-социалдык түзүлөштөгү өзгөрүүлөр салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндө дифференциялык көрүнүштөрдү күчөтүп, бай кедей катмарларынын ортосундагы катмарлашуу процессинин жүрүшүн тереңдетип, жаңы социалдык топтордун жаралышын шарттаган. Кыргыз коомунда XX кылымдын башында мандикер, батрак, чайрикер, жатакчы жана башка катмарлар пайда болуп, салттуу кыргыз коомунда трансформациялык процесстер башталгандыгы белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *патриахалдык мамиле, көчүрүп келүү саясаты, социалдык катмарлар, трансформация, мандикер, чайрикер, батрак, мал чарбачылык, дыйканчылык.*

*В статье предпринята попытка анализа изменений в социально-экономической структуре кыргызского общества в конце XIX – в начале XX века. Как отмечается в статье, после присоединения Кыргызстана к Российской империи, наряду с проведением особой эмиграционной политики, в экономической сфере стали происходить изменения. Животноводство, земледелие, промышленность стали претерпевать изменения не только в техническом плане, но и в плане новых производственных направлений. Начали действовать новые промышленные предприятия кустарно-мануфактурного типа, начался процесс оседлости среди кочевых и полукочевых хозяйств. Отмечается, что это явление стало иметь место, особенно в Пишпекском и Пржевальском районах. Изменения в социальной структуре усилили дифференциации в социальной структуре традиционного кыргызского общества, углубили процесс расслоения между богатыми и бедными слоями, вызвали создание новых социальных групп. В кыргызском обществе в начале XX века были так называемые мандикер, батрак, чайрикер, жатакчы и т.д. Отмечается, что в традиционном кыргызском обществе появились слои и начались трансформационные процессы.*

***Ключевые слова:*** *патриархальное мировоззрение, миграционная политика, социальные слои, трансформация, мандикер, чайрик, батрак, животноводство, земледелие.*

*The article attempts to analyze the changes in the socio-economic structure of Kyrgyz society in the late 19th and early 20th centuries. As noted in the article, after the accession of Kyrgyzstan to the Russian Empire, along with the implementation of a special emigration policy, changes began to occur in the economic sphere. Animal husbandry, agriculture, and industry began to undergo changes not only in technical terms but also in terms of new production areas. New industrial enterprises of the handicraft type began to operate, and the process of settling down among nomadic and semi-nomadic households began. It is noted that this phenomenon began to take place, especially in the Pishpek and Przhevalsky districts. Changes in the social and social structure strengthened differentiated views in the social structure of the traditional Kyrgyz society, deepened the process of stratification between the rich and the poor, and caused the creation of new social groups. In the Kyrgyz society at the beginning of the 20th century, there were so-called mandiker, farm laborers, chairiker, zhatakchy, etc. It is noted that layers appeared in the traditional Kyrgyz society and transformation processes began.*

***Key words:*** *patriarchal worldview, migration policy, social strata, transformation, mandiker, chayrik, laborer, animal husbandry, agriculture.*

Кыргызстан Россия империясына каратылганга чейин салттуу кыргыз коому көчмөн жарым көчмөн чарбалык турмушта жашап, патриахалдык-уруулук мамилелер сакталып, патриахалдык-феодалдык коомдук түзүлүштүн шартында жашап турушкан. Ар бир топтун башында феодалдык-уруулук "ак сөөк" катмарлар (байлар, манаптар) турушкан. Патриархалдык-феодалдык коомдун негизги массасын - чоң эмес сандагы малга ээ болгон - букара чарсы түзгөн. Патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүнүн бири – урук-уруулук-туугандык (ата, апа тарабы, куда-сөөктүк багыттары боюнча) "уруулук биримдик", "тууганчылдык жакындык", "кандаш тууган-дык" ж.б. салттуу түшүнүктөрдүн устөмдүк кылышы, анын мунөздүү белгилери болгон. Аталган салттуу элементтер ак сөөк менен букаранын ортосундагы мамилелерге өз таасирин тийгизген. Бай катмарлар уруулук принциптерди сактоо менен букара катмарларын жалдап иштетүү, кулчулук, күчүн колдонуу сыяктуу мажбурлоо иштерди аткаркандыгына карабастан, салтуу нормаларды сактап келишкен. Катмарлар ортосундагы экономикалык, социалдык мамилелер адаттын негизинде жөнгө салынып келген. Ал эми бүгүнкү тарыхнаамада Ж.Б. Алымбаев белгилегендей

коомдун социалдык түзүлүшүн изилдөө «таптык» ыкма менен эмес, «стратификация» ыкмасын колдонуу учурдагы актуалдуу маселелердин бири [1]. Стратификациялык ыкманы колдонуу менен XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнө анализ жасоо актуалдуу маселелердин бири экендиги шексиз.

Кыргызстандын Россия империясына каратылышы менен XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында салттуу кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрү ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, жаңы тарыхый шарттын натыйжасында салттуу коомдук түзүлүштө трансформациялык процесстер жүрө баштаган. Кыргыз коомунун чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү Россия империясынын көчүрүп келүү саясаты менен тыгыз байланыштуу. Россия империясынын европалык бөлүктөрүнөн орус, украин, белорус оторчуларынын келиши, жаңы орус кыштактарынын, поселкаларынын пайда болушу, жергиликтүү көчмөн чарбаларынын ортосундагы мамилелерге чоң таасирин тийгизе баштаган. Уезддердеги, болуштуктагы кыргыздардын көчмөн жарым көчмөн чарбалары боюнча статистикалык так маалыматтар жетишсиз. Меселен П.П. Румянцевдин маалыматы боюнча Пишпек уездинде жашаган жергиликтүү кыргыздардын 84,89% көчмөн шартта жашап турушкан [2, 274-б.]. Ал эми Кыргызстандын башка аймактарында көчмөн турмуш үстөмдүк кылган. К.Усөнбаевдин маалыматы боюнча Кетмен-Төбө, Чаткал аймактарындагы тоолуу аймактарда жергиликтүү калктын 84,7% көчмөн болушкан [3, 58-б.].

Чарбалык турмуштун агрардык, өнөр жай тармактарында жаңы техникалык өзгөрүүлөр кире баштаган. Дыйканчылык тармакта айыл чарбасынын жаңы түрлөрү болгон пахта, күрүч, картошка, гречка, тамеки, дарбыз, коон жана башка өстүрүү тарап, өзгөчө беде өстүрүү кеңири тарай баштаган. Алсак, 1912-жылы Андижан уездинде жашаган кыргыздар 596 чарчы метр, Пржевальск уездинде болсо - 390 чарчы метр, Пишпек уездиндеги кыргыздар - 19673 чарчы метр жерге беде айдашкан [3, 67-б.].

Ал эми XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башынан тарта орус келгиндеринин таасири менен багбанчылыкка үйрөнүү башталган. Эгерде кыргыздар жерди иштетүү, оруп-жыйноо иштеринде жөнөкөй техникаларды: учуна темир капталган жыгач соко, кол орок, буурусун, кетмен, күрөк сыяктуу жөнөкөй техника колдонулуп келген болсо, орус келгиндеринин келиши менен дыйканчылык иштеринде темир соко, мала, таш катоктор, чөп чабуучу жабдыктар ж.б. айыл чарбасына керектүү техникалар колдонула баштаган [3, 67-б.]. Маселен, 1913-жылдагы Пишпек уездин статистикалык изилдөөнүн жыйынтыктарына таянсак уезддеги кыргыздарга колунда 3538 темир соко, 3289 темир мала, 7 косилка, 361 чийне болгон [4, 93-б.]. Бирок айыл чарбасында пайда болгон жаңы техникалар жетишсиз бойдон кала берген. Көчмөн, отурукташкан калк үрөн себүүнү кол эмгеги, эгин жыйноодо кадимки эле орок, чалгы аркылуу жүргүзүлүп, данды бастырууда (буудай, арпа) ат, өгүздүн күчү колдонулган.

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында өнөр жай тармагында: май чыгаруучу, тери ийлөөчү, пахта тазалоочу, пиво кайнатуучу, сыр жасоочу ж.б. фабрикалык-заводдук типтеги чакан ишканалар пайда боло баштаган. Маселен 1898-жылы Пишпек жана Пржевальск уезддеринде 43 кустардык-өнөр жай ишканалары болуп, алар 24750 рубль көлөмүндөгү продукция чыгарышкан [3, 87-б.]. Ал эми 1885-жылы Ош уездинде гана 114 кустардык-өнөр жай болуп, аларда 223 адам эмгектенишкен [3, 87-б.]. XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып Сүлүктү, Кызыл-Кыя шаарларында таш көмүр кенин иштетүү башталган. Жаңы өнөр жай ишканаларынын пайда болушу социалдык тармакта жаңы катмарлардын жаралышына шарт түзө баштаган.

Каралып жаткан мезгилде Кыргызстандын тоолуу аймактарында мал чарбачылык, ал эми түздүктүү өрөөндөрдө дыйканчылык өнүгүп келгендиги көптөгөн тарыхый материалдарда тастыкталат. Ошол эле учурда XX кылымдын башында көчмөн мал чарбачылык менен кесиптенишкен кыргыздардын арасында отурукташууга бет алган тенденциялар жарала баштаган. 1910-жылы көчмөн чарбалардын отурукташууга өтүүнү каалагандар Пишпек уезди боюнча 11694 чарбалуу 30843 киши, Прежевальский уездинде болсо 1199 чарбалуу 4690 киши, Нарын уездинде болсо 2971 чарбалуу, 6140 киши болгон [4, 78-б.]. Ал эми П.Румянцевдин маалыматы боюнча бул картина төмөнкүдөй болгон. Пишпек уездинде жашаган 31 886 отурукташкан чарбанын 5000, же болбосо 19%, Пржевальск уездинде жашаган 28034 чарбанын 5429 көчмөн, же болбосо 18% отурукташкан болушкан. Ал эми Наманган уездине караштуу 5 уездге жүргүзгөн статистикалык чалгындоодо такталган 7542 чарбанын 89% көчмөн бойдон кала берген [4, 86-б.]. Белгилей кетчү көрүнүш, уездин көпчүлүк аймагын азыркы Аксы, Чаткал, Ала-Бука аймактарын түзүп, жер шартына байланыштуу калктын көпчүлүгү көчмөн турмушта жашап турушкан. Отурукташууга өтүү бир кылка болбогондугуна карабастан XX кылымдын башында Пишпек уездинде Таш-Төбө, Пржевальск уездинде Темировка, Каменка кыштактары пайда болгон.

П. Румянцевдин материалдарына таянсак 1912-1913-жылдары Пишпек уездинин тургундарынын жарымынан көпчүлүгү кой, эчки кармашкан эмес, калктын 8,41% жылкысы, 22,78% ири мүйүздүү малы, 74,05% тоосу болсо, 2,58% эч кандай малы болгон эмес

[2, 275, 300-бб.]. Ал эми уезддин 49,2% кедей чарбалардан турушуп, алардын колунда малдын 7,5%, ал эми 5,5% түзгөн бай-манаптарга колунда малдын 34,3% таандык болгон [2, 344-355-бб.]. Мал негизинен бай катмарлардын колунда болгон. Маселен, Пишпек уездинде айыл жергесинде жашаган байлар, манаптар 5% түзүшүп, алардын колунда 65% мал таандык болгон. Ал эми 1913-жылы уезддеги кедей чарбалар 59,74 % түзүшүп, алардын колунда болгону, 25,73% мал гана таандык болгон. Орто чарбалардын, майда, орто байлардын колунда (28,69%) 57,73% мал таандык болгон. Чоң байлар (1,57%) 16,49% малга ээ болушкан [3, 61-б.]. Жерсиз калган дыйкандар байларга, манаптарга, орус кулактарына жалданып иштөөгө аргасыз болушуп, батрак катмарына айлана баштаган. Демек, батрактар өз алдынча чарбасы жок, жери жалданып иштөөгө аргасыз болушкан айыл жергесиндеги кедей дыйкан тобунан чыккан социалдык топ.

Коомдук-экономикалык мамилелердин өзгөрүшү менен малсыз, жерсиз кедей чарбалар өзүнүн күчүн сатып бай-кулактарга, соодагерлерге жалданып иштөөгө аргасыз болушкан. Кедей чарба катары колунда 1 аты, 1 уйу, торпогу менен 0,5 чарчы жерге ээ болгон топту эсептешкен. Маселен Наманган уездинде жашаган 95,5% кедей чарбалар (уезддин калкынын көпчүлүгүн кыргыздар түзүшкөн) өндүрүш тармагында келишимдин негизинде иштөөгө мажбур болушкан. Ал эми Пишпек уездинде болсо кедей-батрак чарбалар 4304 адамдан турган [4, 75-б.]. Албетте бул маалыматтарды так деп айтуу кыйын.

Дыйканчылык жана малчылык чарбалардын арасында дифференциациялык процесстер, мүлктүк теңсиздик жана социалдык жактан катмарлашуу процесстери жүрө баштап, бирок аталган көрүнүш аймактарда бир кылка жүргөн эмес. Тарыхый-салыштыруу методун колдонуу аркылуу колониалдык доордогу Фергана областы менен Жети-суу областарынын уезддеринде жашаган дыйкандардын ортосундагы дифференциялык процесстердин жүрүшүн салыштырууга мүмкүн болот. Көчүрүп келүү саясатынын натыйжасында эки областа тең жерсиз дыйкандардын саны көбөйө баштаган. Алсак, 1913-жылы Ош уездинде 1373 жерсиз дыйкандардын чарбасы болсо, Наманган уездинде болсо 1,8% жерге ээ болгон чарбалардын 25 чарчы метр жогоркусу бардык жердин 25% ээлик кылса, ошол эле учурда 56% жер менчигине ээ болгон чарбалардын 1 чарчы метрге чейинкиси жалпы жердин 9,4% ээ болушкан [5, 73-б.]. Жалпылап айтканда, статистикалык маалыматтар боюнча 1913-жылга карата Пишпек уездинде жерсиз дыйкандар 37,9%, Пржевальск уездинде болсо 23,4% тузгон [4,с.52]. Демек дыйканчылык, мал чарбачылык чарбалардын арасында дифференциациялык процесстердин жүрүшүн, өзгөчө Пишпек, Пржевальск уезддеринин тургундарынын арасында жандуу көрүнүшкө айлана баштаган. Белгилей кетчү көрүнүш төө менен жылкыны негизинен кыргыздардын бай катмарлары гана кармашкан. Өзгөчө эки өркөчтүү тоонуу асырап багуу кыйынчылыкты туудурган, анткени анын туяктары жумшак келип таштуу, тоолуу аймактарга басуу кыйынчылыкты жараткан. Ал эми кедей катмарлар болсо эчки өстүрүшкөн, ошондуктан кыргыздардын арасында «кедей болсон эчки бак, эчки тууйт эгизден» деген лакап калган.

Жогорудагы кыргыздардын чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү салттуу кыргыз коомунда жаңы социалдык катмарлардын пайда болушун шарттаган. Колониалдык доордо кыргыз коомундагы трансформациялык процесстердин жүрүшүнө байланыштуу XX кылымдын башында жаңы социалдык топтор: батрактар, мандикерлер, чайрикерлердин жаралышына алып келген. Батрак катары колунда эч кандай мал-мүлктү жок, байлардын колунда келишимдин негизинде жалданып, үй кызматчысы, малчы, кароолчу жана башка кызмат аткарышкан топторду атоого болот. Батрактар өзүнүн үй-бүлөсү менен айыл жергесинде эмгектенишкен топтор. Мандикер манаптардын, орус кулактарынын колунда күнүмдүк жалданып иштешкен топ. Өз ара килишимдин негизинде аткарган иши боюнча (үй куруу, арык салуу, жол салуу ж.б. кызматтары) үчүн акчалай же натуралдык түрдө эмгек акысын алышкан.

Ал эми чайрикерлер тобуна жерсиз дыйкандар кирген. Алар жер иштетүү үчүн тийиштүү эмгек шаймандарын алып, бөтөн жерди арендага иштетишкен катмарлар болушкан. 1907-жылдагы "Совещания о землеустройстве киргизов" аттуу журналда: " кыргыз калкынын арасында жатакчы атка конушкан көптөгөн кедей топтор пайда болду жана пайда болуп жатат. Бул кедей топтогулардын дээрлик көпчүлүгү өздөрүнүн эмгегин сатып, батрак, жалданып чабан ж.б. эмгектерде иштешет" - деп жазат [3, 89-б.]. Жогорудагы фактылар XX кылымдын башындагы жакырданган жерсиз дыйкандардын арасындагы трансформациялык процесстин жүрүшүн, ал топтун жаралуу генезисин аныктоого аталган метод аркылуу аныктоого мүмкүндүк берет. Демек мандикер, чайрикер, жатакчы, малай ж.б. социалдык катмарлардын пайда болушунун генезисин XX кылымдын башындагы жаңы чарбалык мамилелердин жаралышынын натыйжасы катары кароо керек. Түркстан крайын ревизия кылган П.Пален чайрикерлердин аткарган кызматтары боюнча мындай деп жазган: "чайрикерлер чарба ээсинен жандуу жана жансыз инвентарь: үрөн, кийим алган, чарба ээси болсо бардык жумуштарга катышкан, - чайрикер болсо түшүмдүн 1/7 бөлүгүн алган, ошол эле учурда дыйканчылык иштерин гана аткарбастан, малды караган [6, 230-б.]. Чайрикерлер тобунун пайда болушун коомдук-экономикалык мамилелердин өзгөрүшүнүн жыйынтыктары экендигин белгилеп кетүү абзел.

Жыйынтыктап айтканда XIX кылымдын аягы-XX кылымдын башындагы коомдук-экономикалык, социалдык, маданий тармактардагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү, тармактык жаңы чарбанын типтерин гана жаратпастан, социалдык чөйрөдө жаңы катмарлардын жаралышына шарт түзө баштаган. Трансформациялык процесстердин жүрүшү көчмөн жарым көчмөн чарбалардын отурукташууга карай багыт алышын күчөткөн.

**Адабияттар:**


1. Алымбаев Ж.Б. Кыргызстан коомунун социалдык модели (XX кылымдын 20-30-жылдары). // Известия вузов Кыргызстана, 2019. - №4.
2. Румянцев П.П. Материалы по обследовании туземного и русского старожильческого хозяйства в Семиреченской области. – Т.7. Пишпекский узед. Киргизское хозяйство. Вып. 2. - ПГ, 1916.
3. Усонбаев К. Общественно-экономические отношения киргизов (вторая половина XIX - начало XX вв.) - Ф., 1980.
4. Байбулатов Б. Социально-экономический строй Киргизии до Великой Октябрьской революции. - Фрунзе,1958.
5. Народное хозяйство Средней Азии. - №8, 1929.
6. Пален К.К. Материалы к характеристике народного хозяйства Туркестанского края. - СПБ., 1910. - Ч.1.
7. Дуйсенов Э.Э., Бекташова К. К вопросу определения теоретико-правовой категории «гражданское общество». / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. - №. 1. - С. 164-165.